– улуттук кызыкчылыктарга тиешелүү чечимдерди кабыл алуудагы транспаренттүүлүктү (ачыктыкты) максималдуу жогорулатуу, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине жарандык коом тарабынан контролду күчөтүү, ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу жана башкаруунун бардык деңгээлдеринде башкаруу чечимдерин кабыл алуу процесстерине жарандардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, ошондой эле аларга мамлекеттик саясатты ишке ашыруунун натыйжалуулугун баалоого укук берүү;

– мамлекеттик органдардын коомдук кеңештеринин ишин күчөтүү, алардын ишинин натыйжалуулугун баалоонун кыйла алдыңкы методикасын иштеп чыгуу жана киргизүү;

– “Кыргыз Республикасында коомдук контролдун негиздери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын иштеп чыгуу жана кабыл алуу;

– “Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерин жана талаптарын эске алуу менен бардык мамлекеттик ачык-айкын реестрлерди жана коомдук маанилүү маалыматтарды камтыган маалыматтар базаларын, ачыкка чыгаруу жана жеткиликтүү кылуу боюнча чараларды кабыл алуу менен талдоо;

– коррупцияны алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу кызматкерлердин мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилеринен көз карандысыздыгын көтөрүү, функционалдык милдеттерин оптималдаштыруу, административдик мамлекеттик жана административдик муниципалдык кызмат орундарынын категориясын жогорулатуу, алардын ыйгарым укуктарын жана жоопкерчилигин кеңейтүү, укуктук билимин, квалификациялык жана кесиптик көндүмдөрүн жогорулатуу;

– укуктук агартуу жана калк үчүн коррупциялык көрүнүштөргө каршы аракеттенүү системасын өркүндөтүү жана белгилүү бир чөйрөдөгү коррупциялык тобокелдиктер жөнүндө коомчулукка маалымдоо, анын ичинде менчигинин түрүнө карабастан бардык билим берүү мекемелери үчүн антикоррупциялык адистештирилген курстарды киргизүү;

– коррупцияны кабыл албоо маданиятынын негиз түзүүчү элементтерин камтыган жана жарандардын активдүү жарандык позициясын калыптандырууга, алардын коррупцияга каршы аракеттенүү маселелеринде натыйжалуу жана активдүү катышуусуна шарт түзгөн маалыматтык стратегияны кабыл алуу;

– калк арасында системалуу жана кеңири масштабдуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүү аркылуу коомдогу укуктук нигилизмди минималдаштыруу, жаш-курактык, кесиптик жана башка өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен укуктук маданиятты жогорулатуу, ошондой эле жарандардын укуктары жана эркиндиктери, аларды жүзөгө ашыруу механизмдери жана мыйзамсыз же негизсиз кол салуулардан коргоонун укуктук негиздери жөнүндө маалымдуулугун жогорулатуу;

– мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдарга кирешелерди, чыгымдарды жана мүлктөрдү декларациялоо боюнча үзгүлтүксүз практикалык сабактарды өткөрүү;

– антикоррупциялык кошумча механизмдерди иштеп чыгуудагы жана киргизүүдөгү жыйынтыктарды колдонуу менен антикоррупциялык агартуу, пропагандалоо жана окутуу боюнча иш-чаралардын натыйжаларын жана таасирин баалоону жүргүзүү;

– “Коррупциялык укук бузуулар тууралуу билдирген адамдарды коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына төмөнкүлөрдү караган ченемдерди киргизүү:

коррупциялык укук бузуулар жөнүндө билдирген жактарды мыйзамсыз кызматтан бошотуудан жана башка алардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузуулардан коргоону;

коррупциялык укук бузуулар жөнүндө билдирген жактардын укуктарынын жана эркиндиктеринин бузууларына прокуратура органдары тарабынан чара көрүүнү;

бардык процесстерди так жөнгө салууну (анын ичинде маалыматтарды тастыктоо түшүнүгүн чагылдырган), ошондой эле аткарылышынын натыйжалуулугуна үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү менен материалдык сый акыны төлөөнү;

– айрым мамлекеттик функцияларды жеке секторго өткөрүп берүү аркылуу мамлекеттик аппаратты оптималдаштыруу жана кыскартуу, ошондой эле айрым негизсиз көбөйтүлгөн мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын штаттарын кыскартуу;

– мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдардын эмгек акыларын жогорулатуу жана коррупцияга катышууга түрткү берген жүйөнү

азайтуу максатында социалдык жеңилдиктерди көбөйтүү. Биринчи этапта мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдардын эмгек акыларын рыноктук эмгек акы төлөө деңгээлине ылайык келтирүү. Экинчи этапта социалдык тармактын кызматкерлерине социалдык жеңилдиктерди көбөйтүү (окутуучулар, мугалимдер, бала бакчалардын тарбиячылары, врачтар жана медициналык кызматкерлер). Үчүнчү этапта мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдардын эмгек акыларынын деңгээлин рынок көрсөткүчтөрүнөн жогору көтөрүү;

– мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдарга сый акыларды төлөө жана жеңилдиктер менен артыкчылыктарды берүү жөнүндө чечимдерди калыстык, отчеттуулук, ачыктык жана айкындуулук принциптеринин, ошондой эле мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилеринин кароосу боюнча эмес, кызматтык милдеттерин аткаруунун көрсөткүчтөрүнүн негизинде гана кабыл алуу;

– инвесторлор жана инвестицияларды тартуу үчүн жасалма тоскоолдуктарды жаратуучу мамлекеттик органдардагы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарындагы коррупциялык факторлорду минималдаштыруу аркылуу жагымдуу инвестициялык климатты түзүү;

– жасалма тоскоолдуктарды жараткан жана башка укуктар менен мыйзамдуу кызыкчылыктардын бузулушуна алып келген коррупциогендик факторлорду аныктоо максатында бизнес коомчулук менен биргеликте ишкерлердин жана инвесторлордун укуктарын коргоо жаатындагы мыйзамдарына талдоо жүргүзүү. Жыйынтыгында аныкталган коррупциогендик факторлорду, мыйзамдардагы коллизияларды жана боштуктарды жоюу максатында ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу;

– коомдук контролдун ачыктыгын камсыз кылуу жана мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдардын жоопкерчилигин жогорулатуу менен объективдүү себептер боюнча мамлекеттик органдарда орун алган коррупциялык схемаларды легалдаштыруу;

– мамлекеттик жана муниципалдык мүлктү эсепке алуу механизмдерин өркүндөтүү, анын натыйжалуулугун баалоо жана аны пайдаланууда бардык коррупциялык көрүнүштөрдү жоюу;

– социалдык стандарттарды жөнгө салуучу мыйзамдарды өркүндөтүү аркылуу медициналык-социалдык чөйрөдөгү коррупциянын деңгээлин төмөндөтүү, категориялык, компенсациялык жана башка социалдык төлөмдөрдү төлөөдө даректүүлүктү камсыз кылуу, эл аралык функционалдык стандарттарга жана мамилелерге өтүү;

– жол-жоболорду жөнөкөйлөтүү жана тиешелүү мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ачык-айкын иш-аракеттерин түзүү жолу менен камкорчулук, көзөмөлчүлүк жана улуттук бала асырап алуу маселелерин кароодо коррупциялык көрүнүштөрдү азайтуу, балдарды асырап алуу, камкорчулукка алууну каалаган бардык жактардын маалыматтык порталын түзүү;

– жеке сектордо айрым чечимдерди кабыл алуунун контролго алынышын, айкындуулугун, акыйкаттыгын жана отчеттуулугун коррупциянын жайылуусу жана анын аныктамасына кирген адамдардын чөйрөсүн түшүнүүгө негизделген камсыз кылуучу механизмдерди киргизүү;

– жеке сектордогу коррупцияга каршы аракеттенүү максатында “Кыргызстан бизнеси коррупцияга каршы” Хартиясына ишкердик субъекттеринин максималдуу санынын кошулуусу;

– табигый монополиялар чөйрөсүндө тарифтерди аныктоонун так критерийлерин белгилөө жана аларды берүүнүн ачыктыгын жогорулатуу үчүн оптималдуу шарттарды түзүү үчүн жеке секторго алдыңкы санариптик технологияларды киргизүү;

– коррупциялык укук бузууларды жасоого катышкан юридикалык жактарга мамлекеттик сатып алууларга, тендерлерге, аукциондорго катышууга жол бербөө, ошондой эле аларга мамлекеттик насыяларды, субсидияларды, салыктык жеңилдиктерди берүүгө тыюу салуу жөнүндө жоболорду мыйзамдык жактан бекемдөө;

– жогорку пункту ишке ашыруу максатында коррупцияга аралашкан юридикалык жактардын системалуу жаңыртуу жана ачыкка жайгаштыруу менен маалыматтар базасын түзүү;

– коррупциялык жана кызматтык кылмыштарды жасагандыгы үчүн жоопкерчиликтин шексиздигин камсыз кылуу;

– сот адилеттиги системасынын ишинин кынтыксыздыгын төмөнкү жолдор аркылуу камсыз кылуу:

соттордун ишиндеги коррупциялык көрүнүштөрдү, анын ичинде коррупциялык жана кызматтык кылмыштар үчүн жаза дайындоодо дискрециялык ыйгарым укуктарын жоюу;

судьянын талапкерлерине талаптарды күчөтүү;

бардык сот актыларын кабыл алуунун ачыктыгы жана аларды милдеттүү түрдө жарыялоо;

мыйзамдуу күчүнө кирген сот чечимдеринин кынтыксыз, толук жана натыйжалуу аткаруу;

кызматтык/коррупциялык кылмыштарды соттук кароо методикасын туруктуу өркүндөтүү жана жакшыртуу, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун пленумдарын туруктуу өткөрүү, көрсөтүлгөн категориядагы кылмыштарды кароодогу тиешелүү колдонмолорду жана методикаларды чыгаруу;

– сот өндүрүшүн жеңилдетүү жана анын оперативдүүлүгүн жогорулатуу максатында соттордун ишин толук автоматташтырууну аяктоо;

– бардык сот инстанцияларында санкцияланбаган кийлигишүүдөн жана жасалма манипуляциялардан корголгон, иштерди бөлүштүрүүнүн критерийлеринин жана параметрлеринин ачыктыгын камсыз кылуу, ошондой эле бөлүштүрүүнүн жыйынтыктары жөнүндө маалыматты милдеттүү түрдө жарыялоо менен сот иштерин автоматташтырылган бөлүштүрүү системасын киргизүү;

– сот, көзөмөл жана укук коргоо органдары тарабынан жазык процессинин катышуучуларынын укуктарын жана эркиндиктерин бузуу тобокелдигине жол берген мүмкүн болгон боштуктарды жана коллизияларды жоюу боюнча аларга оңдоолорду киргизүү максатында жазык жана жазык-процесстик мыйзамдарына талдоо жүргүзүү;

– укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин жана мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдардын арасындагы коррупцияны

алдын алуу максатында Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларында белгиленген чектөөлөрдү, тыюу салууларды жана милдеттерди кеңейтүү;

– инсанды коргоого жана коомдук тартипти камсыз кылууга, коррупцияны жоюуга, укук коргоо органдарынын баркын калыбына келтирүүгө жана калктын укук коргоо органдарына болгон ишенимин бекемдөөгө багытталган укук коргоо органдарынын системасын реформалоону аяктоо, анын ичинде төмөнкүлөргө багытталган чараларды көрүү:

укук коргоо органдарынын ишинде жасалган коррупциялык кылмыштарды аныктоодон аларды алдын алуу жана профилактикалоо иштерин күчөтүүгө өтүү;

кадр саясатын меритократия принциптеринде гана жүргүзүү, бардык кызмат орундарына сынактык тандоо жүргүзүү, аттестация жана ротация жол-жоболорун өркүндөтүү;

укук коргоо системасын коррупциялашкан кызматкерлерден өзүн-өзү тазалоо, коррупциялык схемаларды аныктоо жана жоюу боюнча ички иликтөө/ички коопсуздук кызматтарынын ишин күчөтүү;

сот, көзөмөл жана укук коргоо органдарынын кызматкерлерине карата коррупциялык укук бузуулар фактылары боюнча жүргүзүлгөн кызматтык териштирүүлөр жөнүндө маалыматтарды милдеттүү түрдө жарыялоо;

– коррупцияга таандык кылмыштардын тизмесин (категорияларын) мыйзамдык аныктоо (Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин беренелери);

– коомдук жана жеке секторлордогу коррупциялык кылмыштарды жасагандыгы үчүн жазык жоопкерчилигине тартыла турган субъекттердин чөйрөсүн кеңейтүү;

– Кыргыз Республикасынын Жазык кодексине коррупциялык кылмыштын предмети катары “укуксуз артыкчылык” деген так аныктаманы киргизүү (анын ичинде мүлктүк эмес жана материалдык эмес баалуулуктар);

– коомдук сектордо таасир этүү менен соодалашуу, убада кабыл алуу, пара суроо, пара сунуштоо/убада берүү, сунуш/убада кабыл алуу, жеке өзү же ортомчу аркылуу пара сурагандыгы үчүн жазык жоопкерчилигин мыйзамдык түрдө бекитүү;

– “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында жана Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинде кызматтык кылмыш жасагандыгы үчүн кызматтан бошотулган адамдардын, анын ичинде коррупция, мамлекеттик жана/же муниципалдык менчикти уурдоо менен байланышкан кылмыштар үчүн, ишенимди жоготкондугу боюнча, ошондой эле көрсөтүлгөн категориядагы укук бузуулар үчүн жазык жоопкерчилигинен реабилитациялабоочу негиздер менен бошотулган мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдардын жумушка кайра келүү, мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына орношуу мүмкүнчүлүгүн жоюу жоболорун мыйзамдуу түрдө бекитүү;

– мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын, саясий жана атайын кызмат орундарын ээлеген адамдар, анын ичинде алардын орун басарлары алардын түздөн-түз кол алдындагы кызматчылары тарабынан далилденген коррупциялык кылмыштарды жасалгандыгы үчүн милдеттүү түрдө терс негиздер боюнча кызматтан бошотуу түрүндө тартиптик жоопкерчиликке тартуу жөнүндө жоболорун мыйзамдык бекитүү;

– кызматтык жана коррупциялык кылмыштарды, ири жана өзгөчө ири өлчөмдөгү мамлекеттик жана/же муниципалдык менчикти уурдоого байланышкан

кылмыштарды (анын ичинде жеке сектордо) жасагандыгы үчүн жазаны катаалдаштыруу же күчөтүү максатында, анын ичинде мүлкүн конфискациялоо түрүндөгү жазаны милдеттүү түрдө дайындоону, ошондой эле ушул категориядагы кылмыштарды жасаган адамдарга карата камакка кармоо түрүндөгү гана бөгөт коюу чарасын тандоону камтуучу мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү;

– күнөөсүн мойнуна алуу же кызматташуу келишими түзүлгөн учурларды кошпогондо, өзгөчө оор коррупциялык кылмыш жасаган адамдарды эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү гана жазаны колдонууну камтыган жоболорду мыйзамдуу түрдө бекитүү;

– коррупциялык кылмыш иштеринин, сотко чейинки жана соттук өндүрүштөрдүн бардык категориялары боюнча конфискациялоону колдонуу жөнүндө деталдуу статистикалык отчетторду жана маалыматтарды, анын ичинде мыйзамсыз кирешелерге алынган мүлктөрдү мамлекеттин эсебине өндүрүү фактыларды жарыялоо;

– эл аралык стандарттарга жана алдыңкы тажрыйбаларга ылайык эффективдүү жана иштиктүү жоопкерчиликти камсыз кылуу максатында юридикалык жактардын коррупциялык кылмыштар үчүн жоопкерчилигин жогорулатуу, ошондой эле мындай жоопкерчиликтин автономдуу мүнөзүн белгилөө;

– Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин алдындагы Тартип комиссиясынын судьяны коррупциялык кылмыштарды жасагандыгы үчүн жоопкерчиликке тартууга макулдугун берүү жөнүндө көрсөтмөсүн кароого 10 жумуш күнүнөн ашпаган реалдуу мөөнөттү белгилөө;

– коррупциогендик факторлорду, коллизияларды жана боштуктарды жоюу максатында бүткүл шайлоо мыйзамдарына антикоррупциялык экспертиза жүргүзүү;

– бардык саясий институттарга карата ачыктык талаптарын жогорулатуу, шайлоочуларды сатып алуу менен байланышкан шайлоо мыйзамдарын бузгандыгы үчүн жоопкерчиликти күчөтүү;

– саясий партиялардын жалпыга малымдоо каражаттарына жана Интернет-ресурстарына жарыялоо аркылуу алынган кирешелер/чыгымдар жана бардык финансылык мүнөздөгү милдеттенмелер, анын ичинде партияны каржылоого финансылык салым кошкон адамдар жөнүндө толук маалыматтар камтылган өлкөнүн калкы алдында системалуу түрдө өз отчетторун берүүсү;

– төмөнкүлөргө багытталган иштиктүү механизмдерди түзүү:
"Саясий партиялар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын сакталышына, аларды каржылоо бөлүгүндө мониторинг жүргүзүү;
"Саясий партиялар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын бузулушун аныктоо жана андан ары күнөөлүүлөрдү тиешелүү административдик же жазык жоопкерчилигине тартуу менен сотко чейинки иликтөө жүргүзүү;
– антикоррупциялык чараларды натыйжалуу ишке ашыруу үчүн, ошондой эле ак ниеттүү кызмат өтөөнү, мамлекеттик жана муниципалдык кызматтардагы жана коомдогу ар кандай коррупциялык көрүнүштөрдү жокко чыгаруу боюнча укуктук агартуу, пропагандалоо иш-чараларына керектүү каржылоону бөлүп берүү.

**8. Коррупцияга каршы аракеттенүү маселелери боюнча эл аралык кызматташууну өнүктүрүү**

Кыргыз Республикасы коррупцияга каршы аракеттенүү маселелеринде бардык өлкөлөр менен өнөктөштүктү кеңейтүү жана тереңдетүү менен эл аралык кызматташууну улантуусу керек.

Кыргыз Республикасы эл аралык укуктун толук укуктуу субъекти катары БУУнун Коррупцияга каршы конвенциясын ратификациялоо менен ушул тармактагы башка эл аралык укуктук документтерге кошулуп, эл аралык коррупцияга каршы күрөшүү процесстерине толук жана жигердүү катышууну камсыз кылууда. Бул биздин өлкөгө мамлекеттин антикоррупциялык саясатын жүргүзүүдө алдыңкы эл аралык тажрыйбаларды колдонууга жана эл аралык кызматташууну кеңейтүүгө жардам берүүдө.

Кыргыз Республикасы тарабынан эл аралык кызматташуунун алкагында Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп эсептелген, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте күчүнө кирген, алардын ичинде коррупциялык укук бузууларга катышкан адамдарды экстрадициялоо жана административдик, жазык жана жарандык иштер боюнча өз ара укуктук жардам көрсөтүү жөнүндө бир катар эл аралык келишимдер түзүлгөн. Ошондой эле мыйзамсыз чыгарылган активдерди кайтаруу боюнча иштерди активдүү улантууда.

Эл аралык тажрыйбага жана чет өлкөлүк өнөктөштөр менен кызматташууга негизделген улуттук антикоррупциялык системанын калыптануусу ошол эле учурда аймактык өзгөчөлүктөргө жана улуттук мыйзамдарга багытталган.

Эл аралык антикоррупциялык иш-чараларды өткөрүү жана авторитеттүү эл аралык уюмдарга катышуу практикасын улантуу зарыл.

## 9. Стратегияны ишке ашыруудагы чакырыктар жана тобокелдиктер

Стратегияны ишке ашыруудагы негизги тобокелдиктер болуп төмөнкүлөр саналат:

– Стратегияны ишке ашыруунун бардык деңгээлдериндеги коррупцияланган жетекчилердин каршы аракеттенүүсү;

– Стратегияда сунушталган антикоррупциялык реформалардын таасирин баалоо боюнча изилдөө методикасы толук жана туруктуу каржылоонун жоктугуна байланыштуу туруктуу болбошу мүмкүн;

– Стратегияда чагылдырылган иш-чаралардын акыркы жана олуттуу жыйынтыкка жетишүүгө багытталбаган формалдуу, толук эмес, өз убагында же так эмес аткарылышы;

– туура эмес башкаруу чечимдеринин кабыл алынышына мүмкүн болгон антикоррупциялык чаралардын ишке ашырылышы, ошондой эле жүргүзүлүп жаткан антикоррупциялык ишмердүүлүк жөнүндө так эмес же анык эмес маалыматтарды алуу;

– коррупциялык кирешелери бар саясий жана кызмат адамдарынын тар топторунун саясий каршы туруусу;

– кызыкчылыктардын кагылышуусу, контролдоону ыйгарым укуктуу (контролдоочу органды) органдын жүргүзүүсү;

– антикоррупциялык мыйзамдарды атайылап эмес катачылык менен чечмелөө же айрым жактарга пайда жана артыкчылыктарды көрүү максатында антикоррупциялык ченемдерди атайылап бурмалоо;

– Кыргыз Республикасы тараптардын бири болгон укуктук жардам көрсөтүү жөнүндө күчүнө кирген эл аралык келишимдердин жоктугу мыйзамсыз чыгарылган активдерди кайтарууда жана аларга күнөөлүү кызмат адамдарын кылмыш жоопкерчилигине тартуу үчүн алып келүүдө кыйынчылыктарды жаратышы мүмкүн;

– коррупциянын системалуу себептерин толугу менен жоюу үчүн финансылык, адамдык же башка ресурстардын жетишсиздиги.

## 10. Стратегияны ишке ашыруунун механизми

Стратегия бардык мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдар, уюмдар жана мекемелер, мамлекеттик үлүшү бар компаниялар, саясий партиялар, жарандык коомдун институттары тарабынан төмөнкүлөр аркылуу ишке ашырылат:

– башкаруу чечимдерин кабыл алууда;

– бардык кадрдык маселелерди чечүүдө;

– бардык деңгээлдеги бюджеттерди талдоодо, божомолдоодо, түзүүдө жана аткарууда;

– ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгууда жана киргизүүдө;

– мыйзам чыгаруу демилгеси укугун жүзөгө ашыруу жана ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу учурунда;

– мыйзамдардын мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ведомстволук жана башка антикоррупциялык пландарынын аткарылышына контроль жүргүзүүдө;

– коррупциялык укук бузуулар үчүн жазанын шексиздигин камсыз кылуу жана мыйзамдарды бардык укук бузуучуларга объективдүү колдонуу жолу менен;

– коррупцияга каршы аракеттенүү жаатындагы иштердин абалын кеңири жана объективдүү чагылдырууда жалпыга маалымдоо каражаттарына көмөк көрсөтүү жолу менен;

– коррупцияга каршы аракеттенүү иштерине жарандык сектордун институттарын жана бизнес-коомчулугун активдүү тартуу жолу менен;

– мамлекеттин антикоррупциялык саясатын натыйжалуу жүргүзүүнүн жана бардык антикоррупциялык чараларды натыйжалуу ишке ашыруунун зарыл шарттары болгон республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин чыгымдар бөлүгүн пландаштырууда жана божомолдоодо антикоррупциялык иш-чараларды ишке ашыруудагы чыгымдарды кошуу менен керектүү көлөмдө каржылоону камсыз кылуу жолу менен.

## 11. Мониторинг жүргүзүү жана баалоо

Стратегияны ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн аны ишке ашырууга туруктуу негизде мониторинг жана баалоо жүргүзүү маанилүү.

Коррупцияга каршы аракеттенүү жана анын түпкү (базалык) себептерин жоюу боюнча негизги кадамдарды аткаруу боюнча иштин натыйжасын өлчөө коррупцияга каршы күрөшүү чөйрөсүндөгү саясатты ишке ашыруунун маанилүү элементи болуп саналат.

Мониторинг жүргүзүү жана баалоо системасы так жол-жоболорго жана методикаларга негизделиши керек, ал эми аны ишке ашыруу практикада укук колдонуучу чаралар менен камсыз кылынат.
Бул система прогресске байкоо жүргүзүү, натыйжаларына талдоо жүргүзүү жана алардын түзүлүп жаткан кырдаалга тийгизген таасирине баа берүү үчүн маалыматтарды топтоого жана аларды талдоого мүмкүндүк берет.

Бул Стратегияны ишке ашырууга мониторинг жүргүзүүнүн жана баалоонун толуктук, объективдүүлүк жана калыстык максаттарында ага жарандык секторду жана бизнес-коомчулукту, өкмөттүк эмес уюмдарды жана көз карандысыз эксперттерди тартуу керек.

Аткаруучу мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын үзгүлтүксүз отчетторунан тышкары, бул мекемелердин ишинин натыйжалуулугу, программалык документтерде каралган иш-чараларды аткаруунун

деңгээли жана көрүлүп жаткан чаралар тууралуу башка анык жана актуалдуу маалыматтарды топтоо зарыл.

Жүргүзүлүп жаткан иш-чаралардын коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү кырдаалга таасир тийгизүүсү так багыттардын жана көрсөткүчтөрдүн (индикаторлордун) жардамы менен өлчөнүүсү керек. Антикоррупциялык иш-чараларды ишке ашыруу жөнүндө мезгилдүү отчеттор аткаруучу мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жасалган сыпаттоолор менен гана чектелбеши керек, ошондой эле алар өзүнө жетишилгендерди талдоону, көрүлүп жаткан чаралардын натыйжалуулугуна баа берүүнү жана алынган натыйжаларды камтууга тийиш.

Иш-чараларды жүргүзүү жана алардын аткарылышына мониторинг жүргүзүү жөнүндө маалыматтарды топтоо үчүн санарип технологиялардын негизинде кабыл алынуучу чечимдер колдонулушу керек.

Коррупциялык көрүнүштөргө каршы аракеттенүү боюнча жүргүзүлүп жаткан иштин ачыктыгын жана отчеттуулугун камсыз кылуу максатында антикоррупциялык иш-чараларды ишке ашыруу жөнүндө мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын отчеттору милдеттүү түрдө жалпыга маалымдоо каражаттарында жана ведомстволук сайттарда жарыяланууга тийиш.

# 2021-2024-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү жана анын себептерин жоюу боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча ПЛАН

| № | Максаттар | Милдеттер жана чакан милдеттер | Иш-чаралар | Күтүлүүчү жыйынтыктар | Индикаторлор |
|---|---|---|---|---|---|
| **1. Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө мыйзамдарды өркүндөтүү** | | | | | |
| 1 | Коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик органдары ведомстволор аралык координациялоонун натыйжалуу системасын түзүү | Коррупцияны алдын алуу боюнча мамлекеттик органдарды координациялоодо иш-аракеттерди күчөтүү жана аларды макулдашууну камсыз кылуу, КР ККК, КР БП жана КР ӨА ортосундагы кайталанган функцияларды жоюу | Антикоррупциялык органдардын иш-аракеттерин ушул институттардын ортосундагы кайталануучу функцияларды жоюу менен координациялоонун кыйла натыйжалуу механизмдерин киргизүү | Мамлекеттик бийликтин антикоррупциялык институттары (КР ККК, КР БП, КР ӨА) мамлекеттик органдардын коррупцияны алдын алуу боюнча иш-аракеттерин алардын натыйжалуулугун жана өз ара аракеттенүүсүн жогорулатуу менен натыйжалуу координациялоодо | Негизги мамлекеттик антикоррупциялык институттардын (КР ККК, КР БП, КР ӨА) функциялары кайталанбайт |
| | “Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын өркүндөтүү | Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө мыйзамдарга зарыл оңдоолорду жана толуктоолорду киргизүү | “Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын төмөнкүлөрдү камтыган жаңы редакциясын иштеп чыгуу жана кабыл алуу:<br>1) декларативдүүлүктү тартипке келтирүү жана жоюу;<br>2) кабыл алынган антикоррупциялык ченемдик укуктук актыларга, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Жазык кодексине ылайык келтирүү;<br>3) мамлекеттик органдарды жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарды алардын кызмат адамдары тарабынан коррупциялык/кызматтык укук бузууларды жасоодо кабыл алынган актылардын (чечимдердин) колдонулушун жокко чыгарууну милдеттендирүүчү ченемдерди киргизүү | “Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы практикада колдонулууда | “Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жаңы редакциясы кабыл алынган. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| **2** | Мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында антикоррупциялык иш-аракеттерди /чечимдерди кабыл алууда натыйжалуулукту жогорулатуу жана үзгүлтүксүздүктү сактоо | Мамлекеттик органдардагы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарындагы коррупциялык тобокелдиктерди жана схемаларды минимизациялоо. Мониторинг жүргүзүүнүн жана жыйынтыктарды верификациялоонун иштиктүү системасы | Бардык антикоррупциялык пландарды ишке ашыруу жөнүндө отчетторду, коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иш-чаралардын ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүү методикасын, алардын аткарылышынын натыйжалуулугун баалоону унификациялоо | Андан аркы башкаруу чечимдерин кабыл алууга жана өлкөдөгү антикоррупциялык саясаттын натыйжалуулугун баалоого, антикоррупциялык пландарды ишке ашыруунун сандык жана сапаттык таасирин өлчөөгө мүмкүндүк берүүчү система түзүлгөн | 1. Бардык антикоррупциялык отчеттор антикоррупциялык иш-чаралардын натыйжаларын баалоого мүмкүндүк берген<br>бирдиктүү унификацияланган формада берилүүдө.<br>2. Бардык мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары пландарда каралган бардык антикоррупциялык чараларды так жана өз убагында |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | ишке ашырууда |
| | | | Мамлекеттик органдардагы системалуу коррупцияны демонтаждоо боюнча ишти күчөтүү.<br>Тиешелүү пландарды жана иш-чараларды ишке ашырууга жана аларды актуалдаштырууга туруктуу мониторинг жүргүзүү | Антикоррупциялык активдүүлүктүн<br>үзгүлтүксүздүгү жаралды, бул чөйрөдөгү мамлекеттин ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу | Системалуу коррупцияны демонтаждоо боюнча антикоррупциялык пландар актуалдаштырылган жана 90-100%га ишке ашырылууда |
| | | | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында системалуу коррупцияны демонтаждоо боюнча антикоррупциялык пландарды иштеп чыгуу жана алардын ишке ашырылышына туруктуу негизде мониторинг жүргүзүү | | |
| **3** | Коррупциянын түпкү себептерин кыйла так жана конкреттүү түрдө аныктоо жана аларды жоюу. Коррупциялык аракеттердин аныктамаларын жана түшүнүктөрүн конкреттештирүү | Коррупциянын түпкү (базалык) жана терең себептерине талдоо жүргүзүү, мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат системасын өзгөртүүгө жана мамлекеттик бийликти жүзөгө ашыруу үчүн таасир этүүчү багыттарды аныктоо | Мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына калктын ишеними жөнүндө социологиялык сурамжылоо механизмин, санариптик инструменттерди колдонуу менен, эл аралык стандарттарга негизделген жана улуттук өзгөчөлүктөрдү, маданиятты жана менталитетти эске алуу менен өздүк индикаторлор системасы жана баалоо критерийлери менен коррупциянын деңгээлин аныктоочу улуттук системасын түзүү (КДАУС) | Кыргыз Республикасы антикоррупциялык изилдөө иштерин натыйжалуу жүргүзүп, жыйынтыгында мамлекеттин антикоррупциялык саясаты өркүндөтүлүп, коррупциялык көрүнүштөргө каршы аракеттенүүнүн натыйжалуу механизмдери киргизилүүдө | 1.Төмөнкүлөр боюнча жөнөкөй жана натыйжалуу механизм түзүлгөн:<br>– коррупциялык тобокелдиктерди жана схемаларды аныктоо боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүү;<br>– программалык жана стратегиялык документтерди системалуу антикоррупциялык баалоо.<br>2. Антикоррупциялык пландардын |
| | | | Мамлекеттик органдардагы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарындагы коррупциянын деңгээлине жана абалына антикоррупциялык пландардын таасирин баалоонун методикасын иштеп чыгуу | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | ишке ашыруунун мамлекеттик органдардагы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарындагы коррупциянын абалына жана деңгээлине тийгизген таасирин баалоо методикасы кабыл алынган.<br>3. КДАУСтун жыйынтыгынын негизинде мамлекеттик органдарга болгон улуттук ишеним рейтинги жыл сайын жарыялануууда.<br>4. Мамлекеттик органдар калктын ишеним индекси боюнча 50%га чейинки |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | жакшыруусун а жетишти. |
| 4 | **2. Декларациялоо мыйзамдарын жана “Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын өркүндөтүү** | | | | |
| | БСДда чагылдырылган маалыматтарды кылдат жана объективдүү верификациялоого мүмкүндүк берүүчү декларациялоо мыйзамдарын өркүндөтүү | Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат ордун ээлеген адамдардын жашоо деңгээлин чыныгы кирешелери менен салыштыруу системасын ишке ашыруу үчүн үй-бүлөсүнүн жашоо деңгээлин тактоо менен анын жашоо деңгээлин аныктоонун методикасын түзүү.<br><br>Жашоо деңгээли тастыкталган кирешелеринен кыйла жогору болгон мамлекеттик жана муниципалдык кызмат ордун ээлеген адамдардын жана алардын жакын туугандарын аныктоо системасын түзүү. | Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат ордун ээлеген адамдардын бирдиктүү салык декларациясын текшерүүнүн (анын ичинде саясий жана атайын кызмат ордун ээлеген адамдарды), ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык кызмат ордун ээлеген адамдардын жана алардын жакын туугандарынын чыгымдарынын деңгээлинин алып жаткан кирешелери менен шайкештигин талдоонун натыйжалуу жана заманбап антикоррупциялык механизмдерин киргизүү<br><br>Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жарандык коом институттары тарабынан мамлекеттик же муниципалдык кызмат ордун ээлеген адамдын БСДга чагылдырылган маалымат менен анын иш жүзүндөгү мүлктүк абалына, ошондой эле анын жакын туугандарынын мүлктүк абалына шайкеш келбестикти контролдоону күчөтүү, анын ичинде ири сатып алууларды (курулушту), өзгөчө ири сатып алуунун түшүнүгү башталган мүлктүн ар бир категориясынын (кыймылдуу жана кыймылсыз) чектик суммасын аныктоо менен контролдоо<br><br>Түшүндүрмөлөрү жок кирешелердин/чыгымдардын жана финансылык/мүлктүк абалдын болушунун фактыларын белгилөө ыйгарым укуктуу органдардын тиешелүү изилдөөлөрдү жүргүзүүгө милдеттүүлүгүн аныктоо (декларацияны толук текшерүү), андан ары алынган жыйынтыктарын прокуратура органдарына жөнөтүү жана маалыматтарды жалпы маалымат каражаттарында автоматтык түрдө окулуучу (ачык) форматта жарыялоо<br><br>Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат ордун ээлеген адамдар (анын ичинде саясий жана атайын кызмат ордун ээлеген адамдар) жана алардын жакын туугандары тарабынан БСДга толук эмес же так эмес маалыматтарды киргизүү үчүн жоопкерчиликти күчөтүү<br><br>Чыгымдар менен кирешелердин шайкеш келбестигин төмөнкүдөй мыйзамдык түрдө аныктоо:<br><br>1) мамлекеттик жана муниципалдык кызмат ордун ээлеген адамдар (анын ичинде саясий жана атайын кызмат орундарын ээлеген адамдардын) ишенимди жоготкондугу боюнча кызматтан бошотуу үчүн негиз болорун; | Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат ордун ээлеген адамдар жана алардын жакын туугандары ыйгарым укуктуу органдардан декларацияланбаган мүлктөрүн же коррупциялык киреше булактарын жашыра алышпайт | 1. Тийиштүү ченемдик укуктук актылар иштелип чыкты жана кабыл алынды.<br><br>2. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат ордун ээлеген адамдардын 100%ы БСД тапшырууда.<br><br>3.Толук текшерүүгө жаткан 100% БСДлар, бузуулар аныкталган учурларда прокуратура органдарына материалдарды жиберүү менен талданууда. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 2) мамлекеттик жана муниципалдык кызмат ордун ээлеген адамдар (анын ичинде саясий жана атайын кызмат орундарын ээлеген адамдар) мүлктү мыйзамдуу кирешелерге сатып алынгандыгы жөнүндө далилдери жок болгон шарттар ал мүлктү жана андан түшкөн кирешелерди мамлекеттин пайдасына конфискациялоого (өндүрүп алууга) алып келүүсүн<br><br>Коррупциялык жол менен алынган же мыйзамдуу келип чыкканы аныкталбаган чет мамлекеттерге (оффшордук зоналарга) чыгарылган финансылык каражаттарды аныктоо жана аларды андан ары мамлекеттик кирешеге айлантуу үчүн Кыргыз Республикасына кайтаруу механизмдерин өркүндөтүү<br><br>1990-жылдын 8-ноябрында Страсбург шаарында кол коюлган Кылмыш ишинен түшкөн кирешелерди адалдоо, аныктоо, алып коюу, конфискациялоо жөнүндө конвенцияга кошулуу мүмкүнчүлүгү маселеси боюнча ушул Конвенцияда каралган тартипте жана шарттарда кызыкдар болгон мамлекеттик органдар тарабынан координацияланган ишти жүргүзүү<br><br>Декларацияларды текшерүү жаатындагы ыйгарым укуктуу органдын түзүмдүк, анын ичинде аймактык бөлүмдөрүнүн кесиптик жана материалдык-техникалык потенциалын күчөтүү. Автоматташтырылган негизде ар кандай ведомстволордун маалыматтарын салыштыруу мүмкүнчүлүгүн түзүү менен салык органдарынын башка мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттешүүсүн өнүктүрүү<br><br>Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат ордун ээлеген же ээлеп турган адам (FORM STI-155) тарабынан БСД формасын толтуруу учурунда “Түндүк” ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү системасы аркылуу мамлекеттик органдардан жана жергиликтъъ өз алдынча башкаруу органдарынан маалымат алуу менен кыймылдуу жана кыймылсыз мүлк бар экендиги жөнүндө маалыматты автоматтык түрдө толтурууга мүмкүндүк берүүчү программалык камсыздоону киргизүү | | 4. Чыгымдары менен кирешелери туура келбеген мамлекеттик жарандык кызматчылардын 100%ы мыйзамда белгиленген жоопкерчиликке тартылууда.<br><br>5. Европа кеңешинин Кылмыш ишинен түшкөн кирешелерди адалдоо, аныктоо, алып коюу, конфискациялоо жөнүндө конвенциясына кошулуу тууралуу сунуш киргизилди.<br><br>6. Мыйзамсыз өлкөдөн чыгарылган коррупция жолу менен алынган каражаттар аныкталган жана мамлекеттин |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | бюджетине кайтарылган. |
| 5 | Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат ордун ээлеген адамдар үчүн кызыкчылыктардын кагылышуусунун келип чыгуу мүмкүндүктөрүн минимизациялоо | “Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын натыйжалуу жүзөгө ашыруу | Бардык мыйзамдарды “Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык келтирүү | Мамлекеттик органдардагы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарындагы кызыкчылыктардын кагылышуусунун келип чыгышынын шарттары жана себептери жоюлган.<br>Аларды өз убагында алдын алуу жана жөнгө салуу. | 1. “Кызыкчылык тардын кагылышуусу жөнүндө” Кыргыз Республикас ынын Мыйзамы иш жүзүндө ийгиликтүү колдонууда.<br>2. КР МКК мыйзамдын аткарылышы жана деклар ациялардан, ачык булактардан алынган маалыматтар дын өзгөрүүс үнө негизделген кызыкчылыкт ардын кагылышуусу нун келип чыгуусунун потенциалдуу мүмкүнчүлүкт өрү боюнча туруктуу негизде |
| | | | “Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу үчүн жооптуу бирдиктүү ыйгарым укуктуу орган катары Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматын аныктоо | | |
| | | | Декларациялары жарыялоого жатпаган адамдардын так тизмесин аныктоо, ал эми декларациялары жарыяланууга адамдарга карата мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мекемелердин, уюмдардын жана ишканалардын расмий сайттарында жарыялоонун мөөнөттөрүн жана тартибин аныктоо | | |
| | | | Ишмердүүлүгү республикалык же жергиликтүү бюджеттен каржыланууучу мекемелердин, уюмдардын жана ишканалардын тизмесин, чарбалык эсептик негизде иштеген мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин жана ишканалардын же болбосо уставдык капиталында мамлекеттик жана муниципалдык үлүш бар, ошондой эле мамлекеттик мүлктү ишенимдүү башкаруучулардын тизмесин аныктоо жана ачык жеткиликтүү кылып жайгаштыруу | | |
| | | | Саясий жана атайын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдардын билдирүүлөрүн жарыялоо менен кызыкчылыктардын кагылышы жөнүндө арыз берүүнүн типтүү тартибин бекитүү | | |
| | | | Материалдык жооптуу жана/же техникалык персонал катары мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында иштеген адамдардын ортосундагы кызыкчылыктарынын кагылышуусун жөнгө салуунун типтүү тартибин бекитүү | | |
| | | | “Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы колдонулган адамдардын бардык категорияларынын орнтосундагы кызыкчылыктардын кагылышуусун башкаруу боюнча методикалык колдонмосун бекитүү | | |
| | | | Кызыкчылыктардын кагылышуусу жана аларды башкаруу ыкмалары, жеке кызыкчылыктар жөнүндө декларацияларды верификациялоо боюнча бирдиктүү окуу материалдарын иштеп чыгуу | | |
| | | | “Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы колдонулган адамдардын арасында окутууларды өткөрүү | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | “Коомдук кызыкчылык”, “жеке кызыкчылык”, “кызыкчылыктардын кагылышуусу”, “мамлекеттик жана жарандык кызматтагы адептүүлүк” жана башка ушул сыяктуу түшүнүктөрдү жакшыраак түшүнүү үчүн калк арасында кеңири масштабдуу маалымат өнөктүгүн жүргүзүү<br><br>Кызыкчылыктардын кагылышуу учурларын болтурбоо жана алдын алуу башкаруу чараларын же ротациялык жол-жоболорун кабыл алуу үчүн мамлекеттик жана муниципалдык кызмат ордун ээлеген адамдардын ортосундагы үй-бүлөлүк, достук же ишкердик мамилелерди аныктоонун методикасын киргизүү<br><br>Кызыкчылыктардын кагылышуусунун пайда болуусу жөнүндө ыйгарым укуктуу органдарга билдирбөөсү же өз убагында билдирбегени үчүн мамлекеттик жана муниципалдык кызмат ордун ээлеген адамдардын (анын ичинде саясий жана атайын кызмат орундарын ээлегендерди) ишенимди жоготкондугу негизи боюнча ээлеген кызматынан бошотууга чейин тартиптик жоопкерчиликке тартууну камтыган жоболорду мыйзамдуу түрдө бекитүү<br><br>Сот жана көзөмөл органдарынын кызматкерлеринин жана укук коргоо системасынын кызматкерлеринин ишин уюштуруунун өзгөчөлүктөрүн жана ыйгарым укуктарын эске алуу менен алардын кызыкчылыктарынын кагылышуусу жөнүндө жоболорду аныктоо максатында, ошондой эле жеке кызыкчылыктар жана ушул ченемдерди бузгандыгы үчүн жоопкерчилик жөнүндө декларацияларын берүү, верификациялоо жагынан тармактык мыйзамдарга тиешелүү толуктоолорду киргизүү менен мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү | | мониторинг жүргүзүүдө.<br><br>3. “Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизилген.<br><br>4. Кызыкчылыктардын кагылышуусу боюнча мамлекеттик жана муниципалдык кызмат ордун ээлеген адамдарга окутуулар өткөрүлгөн.<br><br>5. Кызыкчылыктардын кагылышуусу боюнча типтүү тартиптер жана методикалык колдонмолор кабыл алынган. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 6. Күнөөлүү жактарды тиешелүү жоопкерчиликке тартуу менен аныкталган кызыкчылыктардын кагылышуусу учурлары 100%га жөнгө салынган.<br>7. Мамлекеттик органдар системасындагы коррупциялык фактылардын төмөндөшүнүн натыйжасында мамлекеттик бюджеттин үнөмдөөсү 10-15%га көбөйтүлгөн. |
| **3. Мамлекеттик чечимдердин кабыл алынуусунун ачыктыгын жогорулатуу, мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү автоматташтыруу** | | | | | |
| **6** | Мамлекеттик органдардын ортосундагы, ошондой | Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат | Салык жана бажы жол-жоболорун фискалдаштыруунун электрондук системасын толук киргизүү | Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат | 1. Мамлекеттик жарандык |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
